**Касымбай Жолдошов**

# «ӨКСҮКТӨ ӨТКӨН ӨМҮРЛӨР»

**0777 02 04 06 Медербек Ноокат Чарданамечити**

**Ош шаары 2017-жыл**

## Жеңиштин 70 жылдыгына карата

## Автордон

*Бул китепте сексен жыл аралыгында болуп өткөн окуялар баяндалат. Жетимдиктин оор азабы, Ата-мекендик согуштун эрдиктери жана көргөн азаптары,адамдардын жашоодогу татаал тагдырлары, наристе бөбөктөрдүн көргөн күнү, баласы (парзант) үчүн өз жанын саадака кылгандар. Достуктун эрежелерин сактоо, куралдаш досторду эскерүү, бөлөк улуттан балалуу болуп, кыргыздын тукумун улантуу, бул окуялар бир жагы таң калыштуу болсо экинчи жагы өкүнүчтүү көрүнөт. Бул китептеги жазылган жазылган окуялар бардыгы чындык, көркөмдөлгөн эмес. Ошондуктан окуган адамга өз таасирин берет деп ойлойм.*

# ЖЕТИМДИН КҮНҮ КУРУСУН

1935-жылы атабыз Төрөкулов Жолдош баш оорусуна чалдыгып каза болду, үч уул бир кыз жетим калдык. Агам Ыстанбай 14-жашта, мен Касымбай 10-жашта Матан 6-жашта, карындашыбыз Мактым 2-жашта элек. Апабыз 37-жашында жесир калды, атабыз 44-жашында каза болгон.

Элди жокчулук, кыйматчылык каптады, бизге окшогон жетимдерге кыйын болду. Курсак ач, кийим жок жылаң аяк жүрүп калдык. Ошол жылы айылдын аксакалдары апама айтышыптыр, элде 15 уй бар ошолорду кайтартсаң айына бир килограмдан май берсек өзүн ар кимибиз кезек менен бир күндөн багалы дешиптир. Апам макул болуп, мен малчы болуп калдым. түштө айдап келип, пешимде айдап кетем. Кеч айдап келип кезеги келген үйгө уйун айдап барам, бергенин жеп–ичип жатып алам. Нан жеген үй-бүлө жокко эссе, кээ бирлери жарым кесим нан берсе, өзүм жебей инилериме алып келип берем. Мектеп жабылгандан ачылганга чейин эки жыл элдин малын кайтардым. Ар түрдүү адамдарды көрдүм, кээ бирлери жетим деп жылуу кабыл алгандары да болду. Балалуу эле аялдар мени жетим деп жийиркенип эшектин чомун башыма коюп токумдарын алдыма салып эшиктеги супачасындагы отундун үстүнө жаткырып койот эле.

Эрте менен ойгонсом ити да менин жанымда жаткан болот. Ойлоп койом жетим де пит да мага боору ооруптур да деп, кээ бир энелер курсагың ачканда же деп жарты нанды белиме түйүп берет эле. Өзүм жебей нан жейм деп ыйлап аткан инилериме алып келип берем, алар ыйлабай калышат. Бут кийим жок эки жыл жылаң аяк мал кайтардым. Тапаным чоор болуп анча-мынча жумшак тикендер кирбейт эле. Кээ бирде чоң жаракалар пайда болот. Апам очоктун боюна эчкинин майын коюп коёт. Майды отко топтоп эритип ысык бойдон тапанымдагы

жаракага тамызсак эртеси сакайып калчу. Кээ бирлери ар айда бир килограмм дан беребиз деген сары майын да бербей коюшат эле. Агам ар кимдин жүгөрүсүн чаап, чөбүн оруп берип акча таап, апам бир жыл бозо салып сатты, нанга жетиштик. Кийинки жылы согуш башталып бозо сатып ичкен жигиттер бүт согушка кетишти.

1941–жылы күз айларында агам да согушка кетип дагы кайгылуу күнгө кадалдык. Шаңкөл айылыбызда ишке жарактуу жигиттер калбады. Кемпир-чалдар окуучу балдар калышты. Кээ бир үй-бүлөдөн 2,3 адамы кетти, айыл бошоп эле калды. Айылда бакырып ырдап жүргөн жигиттердин оордуна чыңырып ыйлап жүргөн энелер пайда болду.

Көп үй-бүлөлү Осмон Ата, чыркырап ыйлаган Чыны эне.

Мен жетим калып ар кимдин күчүм жеткен ишин кылып берип курсагыма иштеп жүргөн мезгилим. Осмондун үч уулу, төрт кызы бар деп элдер суктанып жүрүштү. Айылда көп үй бүлө ушулар эле. 1941-жылы Ата-мекендик согуш башталып Осмондун Калык, Малик деген эки уулдарын биринин артынан бирин согушка алып кетти. Самат баласы колхоздо завхоз болуп иштеп жаткан оокаттуу үй-бүлө эле. Инилери согушка кеткенден кийин апама келип Касымбайды жөнөтүп туруң үйдө майда-чүйдө иштерге каралашып турсун дептир.

Самат үйлөнүп бир уулду болгон экен. Мектептен келгенден кийин барып Осмон Ата менен Чыны эненин айткандарына жардамдашып жүрдүм. Осмон Ата олтурган жеринде же чай ичип отуруп унчукпай эле ыйлай берчү болуп калды. Чыны эне элди карап тандырга нан жапбай казанга жаап калды. Калык менен Маликтен кат келсе Самат ата апаларына окуп берчү эле. Жумуштарын бүтүрүп отундарын саздап берип мен кеттим десем Чыны эне көңүлү түтсө бир нан берет жеп кет деп, анны

инилериме алып барып берем. Самат командировкага же чогулушка кетсе бүгүн жеңеңин жанына жатып тур мен келгиче, деп дайындап кетет эле. Ойгонуп калсам ал келгенден кийин үйүмө кетип калам. Беш-алты айга чейин жакшы эле жүрүп Уултай жеңемдин мамилеси өзгөрдү, мен аны билип калып барбай койдум.

1942-жылдын январь айында Самат да согушка кетиптир деп угуп калдым. Арадан көп өтпөй Осмондун эки баласы Малик менен Калыктын согушта курман болгону жөнүндө кара кагаз келип селсоветтен адамдар келип угузуп кетишти дешти. Чыны эненин бакырып-чыкырып ыйлаганы күнү-түнү басылбады, бүт айылга угулуп турду. Ошол эле жылы күз айларда Саматтын да согушта каза болгонун угузушту, Осмон Атанын жүрөгү кармап калып ал да жарыкчылык менен кош айтышты. Чыны эне күйөсүн да акыркы сапарга узатты, Чыны эненин көзүнө үйү мазардай болуп көрүнүп калды, үйүнө кирбей эле тышта бакырып-өкүрүп күнү-түнү жүрүп калды. Бирөөнүн сөзүн укпайт, укусу да келбейт, бир аз акылынан адашып калгансыды. Балдарын атынан чакырып Самат, Калык, Малик келгиле тамагыңар сууп калды, ысыгында ичип алгыла, келгиле эмнеге мени карап турасыңар басбайсыңарбы, Малик келчи айланайын сени абдан сагындым, бир жыттап алайын, атаңар силерди алып келем деп кетти эле го, анын да дайыны жок силерге жолукпадыбы, деп бакырып-өкүрүп Чыны эне жарым жылча күн өткөрүп жүргөндө келини Уултай Саматтан калган эки жашар Төлөндү Чыны энеге таштап эрге тийип кетет. Эми Самат келчи башка келин алып берип кетчи Уултай Төлөн экөөбүздү таштап кетип калды деп бакырчуу болду. Олтуруп алып Гитлерди каргайт эле. Өлүгүңдү көрөйүн Гидлер сенин да энең бардыр, менин көргөн күнүмдү көрүп калсын, менин балдарыма окшоп өлүгүң талаада калсын, деп каргайт эле.

Чыны эне Аллага да наарazычылыгын билдирип бакырып калат эле. Алла мага ушунчалык үй-бүлөлүк кайгы капа бергидей эле күнөө иштерди кылбадым эле го. Мендей энелер бир баласынын же күйөсүнүн азабын тартып жатса, мен беш алтоонун азабын тартып жатам го.

Кара кагаз дегени өлүмдүн кабарын берет экен, ошол кагазы келбегенде балдарымдан үмүт кылып жүрөт элем го. Азыркы адамдар да кызык шашылышып үч баламдын өлүмүн угузуп коюушуп мени тамашалап турушабы, болбосо балдарымдын бирин угузбай туралы Чыны эне тирүү болсо келер деп үмүтүн үзбөй турсун дешпейт беле, же болор иш болду балдарына тиригинде бата-дуба кыла берсин дештиби? Согуштан тирүү калгандар аксап-тексеп жарадар болуп келе башташты. Чыны эне менин балдарым кетменделип калган, алар эми келишпейт деп жүрчү болду. Айылдан бирөөнүн баласы армиядан келиптир десе, бүт айыл барып көрүшүп, балдары келбей калган энелер менин баламы көрө албадыңбы деп сурашып калаар эле. Бирок Чыны эне барбайт эле. Саматтан калган Төлөн небересинин өмүрүн тилеп бепестеп багып жүрдү. Үч баласынан бир туяк калганына шүгүр деп, Аллага тообаны көп айтчу болду. Төлөн небереси да бойго жетип үйлөп койсомбу деп Төлөн экөөнө айылдан Урниса деген кызды жактырышат. Чыны эне Урнисанын атасына барып айтса макул болот. Себеби: ал киши өзү да жетимдиктин азап-тозогун башынан өткөргөн киши болчу. Андан башта эки кызын эки жетимге берген эле, азыр да Чыны эне ыйлап барса жок дебептир. Бирок Урниса Ошто Пединституттун экинчи курсунда окуп жаткан окуусун таштап атасынын сөзүн таштабай айласыздан Чыны энеге келин болуп барды. Эки жыл жашап минингит оорусуна дуушар болуп каза тапты. Бир кызы калды Чыны эне дагы кайгы-капага дуушар болуп көп узабай эле көз жумду. Дилбар аттуу Урнисадан наристе калган кызды Төлөндүн

апасы Ултай алып кетти, Төлөн үйдө жалгыз калды. Кийинчерээк үйлөнүп жакшы эле жашап жүрүп бала-чакалуу болду. Орозонун бир күнүндө шамга даарат алып келип отуруп кан кусуп өлдү. Тагдырга жазылганды пенде көрбөй коюшка акы жок турбайбы.

Кыйынчылыкты пенде гана көтөрө алат Төлөндөн Толкунбек аттуу бир уул эки кыз калды, кыздары күйөөгө чыгып кетишти. Толкунбек үйлөнүп бала-чакалуу болуп эптеп-септеп тиричилигин өткөрүүдө.

## ЭНЕСИН ЭМБЕЙ КАЛГАН НАРИСТЕ

1942-жыл февраль айы. Мектептен келсем Касиет эжем отуруптур. Касиет эжем менен апамын аталары бир тууган болчу. Апам айтты: Самат агаң дагы келип кетти аныкына барасыңбы деди, барбайм дедим. Касиет эжем айтты: анда биздикине бар мен сага келдим, мен селсоветке секретарь болуп иштеп кеттим, үйдө эч ким жок бир элгенчи керек болду, мектепте окуй бересиң чыккандан кийин жаңы базарга барып жездең экөөбүзгө күндө алтыдан нан берет, бир нанды инилериңе берип, бешөөнү үйгө алып барасың. Атам-апамдарга жардамдашасың, мурда да апамды ээрчип көп барчу элем, макул болдум. Чоң ата, чоң энемдер күлүп-жайнап тосуп алышты.

15-16га чыгып калганмын, бардык үй тирилигин мен аткарып калдым. Күндө бирден нанды үйгө таштап кетем. Нанды да чоң жабат экен, жездем аркалык кыргыз эле. Кеңеш сел.советине зоотехник болуп иштеп жүрүп Касиет эжем экөө баш кошкон экен. Ошол кызматчыларга селпо навайкана куруп, тизме менен нан берет экен. Назар чоң абам Данагүл чоң эжемдер менсиз чай ичпей калышты. Кундөрдүн биринде Касиет эжем жездем экөө бир

наристени алып келишти. Бир жашаарга жакындап калган уул бала экен. Араң эле дем алып ыйлашка да алы жок жаман чүпүрөкө оролгон. Ошол түнү экөө уктабай жууп тазалап ак суугa, сүткө жуушту окшойт, ак шейшепке орошуп бири коюп бири алып ошол түнү укташкан жок. Самындап жуунтуп аарчып ичин, буту-колун койдун майы менен майлашат эле. Бир айда балага окшоп отуруп күлүп калды, ичи өтө берет эле өтпөй да калды. Кээ бирде сары-кызыл сууга жуунтушат, көп кыйынчылык менен бала кылып алышты. Селсоветтин кароо китепчесине жездебиздин фамилиясына Майлиев Мухтар, апасы Назарова Касиет деп жазылып калды. Орозматтан мен балам дебейм деп тил кат да жаздырып алышкан, бирок Орозмат өз сөзүнө туруп Касиет эжебизге рахмат айтып жүрүп өттү. Мухтарды мен бир жыл көтөрүп чоңойттум, эшеке миңгизип ойнотот элем, мени ээрчип ыйлайт эле. Ошол жылы агамы армияга алып кетишкен.

Окуя мындай болгон: кечке убак жездебиз менен эжебиз Касиет жумуштан кайтып келе жатса Орозмат чардана мечитинин алдында жолугуп калат, колунда наристе бала ыйлап аткан болот, өзү да ыйлап аткан болот, эмне болду дешсе, ушул баланы Касиет сен бала кылып багып алсын деп алып бараткам, апасы төрөгөндөн кийин бир ай өтпөй өлүп калды, өгөй апам багып жатты эле экөөбүз уруша кеттик, мен балаңы бакпайм, өзүң багып ал деп алып келип берди. Алар буларга багып алгыла десем балаң бала болуштан өтүптүр өлгөнү калыптыр деп албай коюшту дейт. Анда мейли биз багып көрөлү, өлүп калса док кылбайсыңбы дешти, «эч кандай док кылбайм»- деп баланы аларга берип жатты Мухтар дейт.

1943-жылы мен да согушка кетим. 1950-жылы 8 – жылдан кийин келсем Мухтар чоң жигит болуп баягыдай мен кылчу жумуштарды кылып калыптыр. Назар чоң атабыз да Мухтарга бата-дубасын берип үмүтү чоң экен.

Майлиев Турдубай жездебиз согушка кетип кайтпай калды. Назар чоң атабыз кемпири экөө да өлүштү.

1959-60-жылдары Касиет эжебиз дагы бир кызды багып алыптыр деп уктум. Кыздын апасын карабасып өлүптүр дешти. Кыздын туугандары Касиет эжебизге сен кыз кылып багып ал, биздин кайыр дообуз жок, өзүңө жаздырып ал дешиптир, ал кыздын атын өзү коюптур, Урмат болсун дептир. Чамасы мен карыганда урматтап жүрсүн деген окшойт.  Ал кыз эне сүтүн эмбеди, уузуна тойбоду, бирок Касиет эжебиз көп кыйынчылык менен кыз кылып өстүрүп Мухтар менен экөөнү бир тууган деп кароо китепчеге жаздырып алган эле. Мухтар чоңоюп айылдын четиндеги үйүн бузуп келип туугандарынын жанынан жакын жер алып үй салып алышты. Мухтарга үйүнүн артындагы Сары Алтыбай деген кишинин кызын алып берди. 1958-жылы Урмат кызы да бойго жетип Аран райистин кайненесине келин кылып беришип, чоң той өткөрүштү. Касиет эжебиз 75-70 жашында күтүлбөгөн оорудан улам каза болуп калды. Мухтар менен Урмат апалап ыйлап кала беришти. Мухтар өз колу менен апасын жерге берип, аялы экөө элдин ыраазычылыгын алышты. Зуура келини өз апасындай карап жатат дешти. Урмат кызы да үйүнө кетпей күн-түн апасынын жанында отуруптур. Бирө өлөт, бирө күнүн көрөт деген сөз да чын окшойт. Абалы Алладан деп билебиз. Тагдыр тамаша эмес дегени ушул, Мухтардын Урмат карындашы 7-8 балалуу болуп 40-45 жашында каза болуп калды. Мухтар өзү мугалимдик окуу жайын бүтүп келип, мектепте 40-жылдан ашуун мугалим болуп иштеп, кадыр барктуу чоң ата, таята болду. Үйлөрүн оңдоп Орозгерин калыбына келтирип коюп өмүрү түгөп Алланын үзүрүнө кетти, 70-жашта болсо керек эле. Мухтар кыздарын күйөгө берип, балдарын үйлөп бүткөн экен. Зуура балдарынын өмүрүн тилеп, алардын энеге күйүмдүү болгонуна кубанып бата

дубасын берип олтурат. Зуура кайненесин мынтип эскерет:

«-1958-жылы жаңы келин болуп келген күндөн баштап кайненемди көрүп жүрөгүм ысыган, үч күндөн кийин экөөбүз олтуруп калдык, «мен сизди эне дебей эле апа дей берейин кызыңыз жок экен десем», кана эми «апа» десең, «келиним да кызым да болуп каласың го»-деди, ошондон бери апа деп жүрөм. Ал убакта келин кайненесин апа дебейт эле. Кайненени апа дешти Шаңкол айылда мен баштасам керек, бирок апа наамына татыктуу аял эле. Жароокер ачык сөз, ырааңдуу, сындуу, билимдүү, эстүү баарыбызга бирдей мамиле жасаган асыл заттуу аял болгон. Жашоонун жакшы жактарын ушул апамдан үйрөндүм».

«1940-42-жылдары Кеңеш селсоветине аялдардан биринчи катчы болуп шайланган апам болгон экен. Кеңеш селсоветине зоотехник болуп келген Майлиев Турдубай деген жигит менен баш кошуп бала көрбөптүр. Жакшы адамды бир нерседен кем кылып коёт деген сөз деле туура окшойт. Бирок Мухтар экөөбүз өзү төрөгөн баласындай, кызындай эле болуп калганбыз. Ушул апамдын батасы менен Алла Таала жашоону жана бала-чакаларды берди деп ойлоп калам. Ошондуктан апабызды жакшы карап жүрдүк. Акыркы сапарга Мухтар экөөбүз ыраазы кылып узаттык окшойт. Күчүбүздүн жетишинче куран окуп бала-бакыраларым менен бата-дуба кылып олтурабыз. Бирок Мухтардын өлүмү биз үчүн чоң жоготуу болду. Кубанычбек балабыз өлгөндөн кийин боору эзилип калган бекен деп ойлоп коём. Жаткан жери жайлуу болсун, балдар бактылуу болушсун»-Зуура.

## ЖООПКЕРГЕ АРНАЛГАН БЕЛЕК

1940-50-жылдарда жигиттерге кыз-келиндер дасоромол токуп тартууласа, жигиттер кыз-келиндерге шириндик деп тапик кант, шимик кант же бейкасам кант деген ширинди ктерден алып бериш мода болуп кеткен. Дагы бир мода «ычкыр модасы» жигит үйлөнгөндө колуктусу жеңелери менен күйө балага кооздолгон, кештеленген учуна папик тагып көз мончок жана жана башка түстүү мончоктордон тагылган ычкырды белекке беришет эле. Ал убакта азыркыдай куур тагылган шымдар болгон эмес. Үчүнчү мода, «учук салу» модасы: сарайларда тамеки тизип отурган кыз-келиндер эркектердин шымына окшош эки ача парак таап алышса аны алып катып алышат да сарайга көңүлүнө жакан жигит кирип калса ага колуна берет эле же баш кийимин алып туруп бешенесине тагып койсо учук салды болот эле. Ал жигиттин апасы же эжелери же жеңелери 5-10 коон дарбыз бир себет толтура нан ширин диги менен сарайга көтөрүп келишип учук салган кыз же келиндин алдына коюп, башына бир оромол салышат эле.

Төртүнчү мода «Тоготмек» модасы: бул оюнга жыйырма жаштан кырк жашка чейинки жигиттер жана 18 жаштан 30-35 жашка чейинки келин катышат, ал эми кыздар катышышпайт. Клубтун же бирөөнүн узун чаркарынын төр жагында келиндер отурушат, аларды 50 жаш чамасындагы аялдар башкарат. Ал эми ооз жагына жигиттер отурушат. Аларды да 50 жаш чамасындагы эркектер башкарышат. Башкаруучуларды копчулук эл шайлайт, бул башкаруучулар оюнду тынч өткөрүүгө милдеттүү болушат. Оюндун эрежесин бузгандарды оюндан чыгарып жиберишет, оюнду биринчи жигиттер баштайт. Оюндун катышуучуларынын санына жараша 4 же 6 куурду өрүп алып 4 же 6 жигит колуна кармап келиндер олтурган жакка кыйкырып ырдап барып көңүлүнө жаккан келинди чаап кайра артын карабай ырдап

келе берет, чабылган келин ээрчип келип жигиттин маңдайына олтурат, жигит ырдап бүтүп Тоготмекти келиндин колуна берет, ал келин да өзү каалаган жигитти чаап кетет. Ал жигит да кыйкырып ырдап артынан жөнөйт, барып келиндин маңдайында ырдап олтурат, келин Тоготмекти бергенден кийин ал дагы каалаган келинди чаап кетет, эгер жаш келин жигитти ээрчип барыштан уялса жеңеси коштоп барат. Тоготмек салып кеткен келинди жигит ээрчип барып олтурган жерин таппай калса келиндер шылдың кылат. Тоготмек салынган жигит ыры жок болуп калса башкаруучу мөөрөп болсо да Тоготмекти алып кел деп артынан жөнөтөт, ырчы жигиттер эки-үч келинди эрчитип алышат. Бирок жигит келинди же келин жигитти 2-3 минутадан ашык олтургузуп алса башкаруучу урушат. Оюн болуп жатканда келиндердин колун кармоого, кучактап өбүшкө же Тоготмекти талашууга же бири-бирине жаман сөз айтууга тыю салынат. Андайларды башкаруучулар оюндан четтетишет. Мастар оюнга катышпайт, аялынан кызгангандарды аялы экөөнү кошо оюндан чыгарышат. Чырактарды өчүрбөй көтөрүп турган балдар дайындалат, оюнда болгон окуялар жөнүндө эртеси эч жерде сөз кылынбайт. Ушундай эрежелер менен Тоготмек оюну өтүп, жаштардын сүйүктүү оюну болгон. 1960-65 жылдардан кийин бул оюн ойнолбой калды.

1943-жылы кемпирим экөөбүздүн баш кошконубузга бир жыл болбой мага военкоматтан чакыруу кагазы келип, 18-январда согушка жөнөп кеттим. 1950-жылы армиядан 8 жыл кызмат өтөп кайтып келгенимден кийин кемпирим бир дасоромол берди, «ушуну сизге арнап токуп сактап жүрдүм эле, максатыма жеттим»-деди да «бул дасоромолго токуп болгуча андан кийин да көп көз жашым төгүлгөн, кээ бир түндөрү түшүмдө сизге берип жаткан болот элем сүйүнүп калчумун. Кээ бирде сиз эсиме

түшкөндө ушул дасоромолду алып жыттап койсом көксүнүм сууп калчу, бир нерседен каттуу капа болгонумда ушул дасоромол менен көзүмдү аарчып жатып уктап калчумун. Сизге кат жазганымда да алдыма коюп алчумун, себеби көз жашымды ушуга тамызчумун. Сизден кат алганымда окуп олтуруп көз жашымды ушул дасоромолго тамызчумун, ошондуктан ушул дасоромолду жакшы сактап алып жүрүң»- деди да дагы бир жолу көз жашын аарчып алып мага узатты. Мен алып айттым: «мени чың жүрөгүңдөн сегиз жыл күткөнүңдүн далили ушул дасоромол болду, эми ишендим»- деп дасоромолду кабыл алдым. Эки үч айча алып жүрүп кайра өзүнө бердим, «ушул дасоромолду сактап койчу эстелик үчүн, акыры бир күн келет экөөбүздүн бирибиз эртерээк кетебиз, кимибиз калсак ушул досоромол аркылуу өлгүчөктү эстеп жүрөлү»-дедим. Бирок кайсыл жылы токулганын сурабаптырмын, 1944-45 жылдарда токулса керек, ошондой болсо да 70-жылдан ашык сакталганы анык. Менин эсимден чыгып калган экен 1980-85 жылдарда айтып калды «эстелик болсун деген дасоромолуңузга экөөбүздүн документибизди ороп койдум»- деди эле, ошондон бери документтер оролуп турат. Бирок көп жыл оролуп турса чүпүрөк да чирийт экен же кемпиримдин көз жашы көп төгүлгөнү үчүн чириди бекен? 2016-жылы 9-май майрамына карата Ош ТВ телевидениеси мени конокко чакырганда дасоромол жөнүндө айтып берейин деп ала бардым эле, бирок ыйлап жибербейин деп айтпай койгомун. 2017-жылы 9-майга карата Эл ТРдин операторлору угуп калышкан экен үйгө келип тартышып интернетке берип жиберишти. Москвада, Бишкекте жүргөн балдарым «сизди интернеттен көрүп жатабыз» дешип телефон чалып айтышты, мен мындай даражада жайылат деп ойлобогон болчум. Көрсө 70-жыл мурда болуп өткөн ата-мекендик согуштун каарын, ый-

азабын азыркы жаштарга ушундай материалдар аркылуу чагылдырып турулса кээ бирлери жүрөгүнөн өткөрүп кабыл алса, кээ бирлери жомок катары кабыл алчу мезгил келген окшойт.

## ТАГДЫР ЖАНА ТАГДЫРЛАР

**Балдарым согуш курсун согуш деген,**
**Адамдын канын ичип жанын жеген**

Жер жаралгандан берки адам балдары келишбестиктен же бирин-бири көрө албастыктан же бири-биринин байлыгына көз атып басып алуу үчүн согушуп кан төгүп келе жатканын тарыхтан окуп билип келе жатабыз. Байлык-бийлик экөө бир адамга берилсе чектен чыгып өз билгенин жасап калат эмеспи. 1941-жылы 22-июнь күнү Гитлер тынч жаткан СССРге күтүүсүздөн кол салып өзүнүн кандуу согушун баштады. Согуш беш жылга созулуп натыйжада Германия менен СССРдин элдеринен 50 миллион адамдын каны төгүлүп СССРдин жеңиши менен аяктады, бирок жеңиш өзү эле келе калган жок. Согуштун каарын, азап-ыйын совет эли жетимиш жыл өтсө да унута элек. Ошондогу согушта же тылда каармандыкты көрсөтүп же согуштун азабын башынан өткөндөрдү эл миң жыл өтсө да унутбай эскере берет. Алардын бири Шаңкол айылынан 1941-жылы 15-март 20 жашында согушка кеткен Аширов Увалинин тагдыры жөнүндө болмокчу. Военный билет 0358296 негизинде Аширов Увалинин балалыгы Шаңкол айылында өтөт. 1941-жылы15-мартта армияга кетет, 1-май күнү 1941-жылы присяганы кабыл алып № 40 стрелковый полкто кызмат өтөп жатканда 1941-жылы 22-июнь күнү Ата-мекендик согуш башталат. Ошол эле полк менен 1943-жылга чейин согушта болот, 1943-жылдын декабрь айында полк боюнча немецтердин курчоосунда калып пленге түшүшүп бардыгын конц.лагерге алып барып камайт. Эки саат башта полк командири тарабынан курал жарактарыңарды разборка кылып тазалагыла деген буйрук берилген, кайра собирать этип кээ бирлери бүткөнгө чейин немецтер басып кирип келип калышат, аларды атууга

жетишпей калышкан. Полк командири немецтерге сатылып кеткен экен дешти. Курал жарактарыбызды жыйнап алышып командир рота, командир взводторубузду стройго тургузуп туруп атып ташташты. Солдаттарга да көп кордуктарды көрсөтүшүп, конц.лагерге жеткичекти эле бир нерсени шылтоолоп көбүн атып салды. Конц.лагер дегени көп адам камалган режими өтө оор, ырайымсыздык өкүм сүргөн жер болот экен. Биз барып жайланышкыча 1944-жылдын январь айы болуп калды, күн өтө суук тамак-аш начар кийим жука, бир коргондо 5-6 миң адам жашайт. Адамдар өтө арыктап өлө баштаашты. Күндө өлүм, өлгөндөрүн өзүбүзгө көтөртүп барып ямага таштатат. Ар бирибиздин …… катологубуз бар. Походный кухняда суюк тамак келет, котолокторубузду тособуз канча куюп берсеошону ичебиз, дагы куюп койчу десең чөмүч менен башыңа салат. Конвойлор жатаканага 4-5тен автоматы менен киришет, режим боюнча биз эки колубузду желкебизге алып тик туруп калабыз, эгерде бир колуңду таштасаң ошол жерде атып таштап, өзүбүзгө көтөртүп барып ямага таштатат. Биз турган коргондун сыртында жашап жаткан элдер түндөсү коргонду ашырып тапкан-ташкан продуктуларын таштап коюшат. Жер жарыганда барып часовой уруксат берсе алып келип алабыз. Немецтин бир часавойу мени орус эмес экен дедиби вышкада туруп ымдап сен мен поско келгенде кайсыл убакта болсо да келе бер дегендей белги берди. Карап көрөм ошол бала поско келгенде көп нерсе алып келип алам, ошентип эки жыл тамактан көп эле кыйналбадым. Бир күнү өтүп кетип жатсам жердешим Карабаштык Дамин ага котологуна бир нерсени салыпадамдын кыгын отко жагып кайнатып жатканын көрүп өзүмү таанытбай өтө бердим. Бир күнү өзүмдүн айылдашым Ысмайылов Жапар немецтин генералдары менен келип машинанын үстүндө туруп лекция окуп калды. Немецтин формасын

кийген чыкыйып, өзүмү таанытбадым, анча-мынча келип сүйлөп кетип жаты. Бир жылдан кийин бизге келип лекция окуп жүргөн кыргыз айдоочусу экөө өзү менен бирге жүргөн генералды уурдап союзга өтүп кетиптир деген кабар угулду. Экөө тең союздун жиберген шпиону экен дешти.1945-жылы май айынын башында советтик армия келип конц. Лагердин эшигин ачып чыккыла дегенде солдаттарды кучактап ыйлаганбыз. Ошол күн биз үчүн майрам болду. Бизди өлгөндөрдөн калгандарды союзга алып келип полкубуз боюнча бир жыл 1946-жылдын май айына чейин иликтөө тергөөдө болдук. Чоңдорубуздун көбү түрмөгө кетти. 1946-жылдын май айында совет министринин токтому менен бизди армиядан бошотушту. Айылга келсем мен көргөн адамдар жок, айылыбыз бошоп калыптыр, үрөйүм учуп сураштырсам 1941-жылы сен кеткенден кийин айылда жарактуу адамдарды балдарды, жигиттерди, эле эмес 7-класста окуп жаткан 17 жаштагы окучу балдарды согушка алып кеткен дешти. Чындыгында түндөсү бизди кубалап ызылдап үрүп жүргөн иттердин да үнү угулбайт, жылмайып күлгөн адамды көрбөдүм, баары эле бир нерседен капа болгондой кабагы калың. Мени менен окучу балдар 70,80,90го чыккан 10 го жакын чалдар келип көрүшүштү. келип көрүшкөн аялдар менин баламы же күйөөмдү көрө албадыңбы деп сурашат. Апам жаш кезимде эле көз жумган, 90го чыккан атам ыйлап тосуп алды. Контрокасса, займ бойдок налогторду төлөй албай үй-бүлөсүн алып түнү менен качып кеткендер бар дешти. Келгенимде өгөй апам очокто бышырган бир катырма нан койгон. Ал да жүгөрүнүн загыра наны эле.

Ак-Терек адырына арпа-буудай ороко күйөөлөрү согушка кеткен жаш келиндер менен окучу балдар барат экен. Колхоздо бригадир звеновойлор аялдар иштеп жатышыптыр. Райондун кээ бир колхоздорунда башкарма болуп аялдар иштеп жатат дешти. Элдин ушундай ал

абалын көрүп эл аралап жүрө албай бир жумадан кийин колхозго иштеп калдым. 1947-жылы декабрь айында Дана деген кызга үйлөндүм, экөөбүз колхозго жакшы иштедик, мени бир звеного башчы кылып коюшту, ошол жылы тамекибиз өтө жакшы болуп алдыңкы звено башчысы дешип макталып калдым. 1949-жылы бир кыздуу болуп, атын Тасил койдук.  1950-жылы сен немецтерге өз ыктыярың менен 1943-жылы пленге түшкөн экенсиң ошондуктан сени 25 жылга военный требунал  кесиптир деп өкүмдү колума берип эки милиция колума кишен салып айдап кетти. Ата-энелерим эч болбосо аялым менен коштошуп алайын десем да макул болушпады. Бир жылдан кийин туугандардан кат алдым Дана аялың кызыны таштап күйөөгө тийип кетти дешиптир. Эки күн жумушка барбай, тамак да ичпей кроватта ыйлап жаттым. Көп ойлонуп олтуруп мен деле үйлөнүп алууну чечтим. Дана күйөгө тийбесе канча жыл болсо да мен үйлөнбөсөм керек эле.

1951-жылдын аягында ыраакы чыгышка Амурский область, Кушарск район, Буссе айылына келип мөөнөтүм өтөп калдым. 1952-жылы ЯрословцеваиАлександра Поликарповна деген 22 жаштагы орус кыз менен РАЙ.ЗАКСКА барып мыйзамдын негизинде № УЗ-091644 Нике күбөлүгүн алып үйлөнүп тоюн өткөрдүк  дейт Ували ага. 1952-жылдан 1958-жылга чейин чогуу жашап жүрүп 2 уул, 2 кыздуу болушат. Экөө тең иштеп үйлүү, жайлуу болушуп, байлыгы артып малдуу, акчалуу болушуп ички чарбасын өнүктүрүп эч нерседен кем болбой жашашты. Тилеке каршы биринчи көргөн уул баласы үч жашында өтүп кеткени кейиштүү болду. 1958-жылдын башында совет министрлигинин токтому негизинде авактан бошойт, аялы экөө бир пикирге келише албай эки-үч ай өтөт. Акырында аялы айтат: баарибир сен бул жерде жашабайсың Владимир менен Зинаны алып кете бер

ичимдеги балаңы чоңойтуп берем, мен ушунча чарбаны, үй-жайды таштап кетпей эле койойунчу, сен барып өз улутуңа үйлөн, эки баланы сага тапшырам, балдардын туулгандыгы жөнүндө күбөлүктөрүн беремин. Алган аялың күбөлүктөрүн алмаштырып өзүнө жаздырып алсын, мен ыраазымын, балдарды кар-зар кылбаса болду. Сберкассадагы акчанын көбүрөгүн сен ал, сага керек болот, мен үйдө калып жатам эптеп күн өткөрүп турармын, деп кассадан акчаны алып келип берет. Акырында балдарды өз улутуна үйлөнтүр дейт. Балдарды чыкыйтып жасап калган кийим кечектерин чачыгына чейин салып берип Ували аганын кийимдерин бир чомаданга салып көтөрүшүп поезд вокзалына чейин бирге келип коштошуп, балдарын дагы акыркы жолу өөп-жыттап алып кол булгалап кала берет. Ували ага айылга келип өтө кыйналды, балдары ээрчип ыйлашат, эч жака бастырбайт. Атасынан башкалар менен сүйлөшө алышпайт. 1958-жылдын аяк ченинде Алпа деген келин менен сүйлөшүп ал абалын айтат, Алпа мурда эки күйөгө чыгып жолу болбой төрөгөн эмес эле. Ушул балдардын шарапаты менен балалуу болуп каламбы деген максат менен макул болду. Ошол кезде 34 жашта болчу. Ували ага 36 жашта болгон. Алпа балдарды тез эле өзүнө көндүрүп алды, бара-бара кыргызча сүйлөшүп Алпанын өзү төрөгөн балдардай болуп калышты. Биринчи апа деген сөздү үйрөнүштү. Алпанын балдарга жасаган мамилесине Ували ыраазы болуп жүрдү. Владимирди Бакир болсун дешти. Ували көп жыл тамекиде звано башчы болуп иштеп, жакшы иштегени үчүн колхоздон сыйлыкка бир мотоцикл, телевизор жана башка баалуу сыйлыктар менен көп эле жолу сыйланды. Алпа экөө жакшы жашашты, үй салып алышты, короо жай салып малдуу болушуп эки баланы эркин тарбиялап, бойго жетип 1968-жылы Бакир орто мектепти бүтүп армияга кетет. Хабаровск крайда

кызмат кылып жүрүп апасынын дарегин табат. 1970-жылы армиядан бошоп апасына барат, апасы ыйлап тосуп алат. Апасы Бакирден көп нерсени сурап билди. Бакир Алпа апасын мактап койду. Люба карындашын биринчи жолу көрдү, чоңоюп калыптыр, 7-класста окуйт деди. Апасы Зина жөнүндө көп суроолорду берди, Зинаны сагынганын айтып көпкө чейин ыйлады. Атаң мени таштай албай кылчактап кайра-кайра карап кеткен эле да. «Балдар менен чогу эле кете берсен, ойлон»- деп эки күн убакыт берген эле, бул жердеги Орозгерлерди таштай албай көнбөй койгонмун. Силерди узатып келип алып бир сутка тамак да ичпей ыйлап жаттым. Эжем келип «өзүңдөн көр кошулуп кете берсен болот эле да»- деп урушуп кетти. Ушинтип силерди көп ойлоп жүрүп оорукчан болуп калдым. Боорум, өтүм ооруйт. Өлбөсөм Любаны орто мектепти бүтөөрү менен силерге жиберем. Бакир сенин айтууң боюнча өтө жакшы апага жолугупсуңар, ошол апаңарды аягыла, көңүлүнө азар бербегиле, каяша сүйлөп көңүлүн оорутпагыла. Люба баргандан кийин аны да өзүнө жаздырып алсын, мен ыраазымын. Апасы ушул сөздөрдү айтып жатканда Бакир шолоктоп ыйлап олтурду, жанында Люба карындашы да олтурган болчу. Бакир көзүнсүртүп:«мама азыр Люба экөөңүздөрдү алып кете берейинби»- деп айтты. Жок,азыр болбойт силер менен чогу кеткенимде жакшы болмок, азыр барсам тура келбейт. Атаң үйлөнүп алган, атаң айтат эми барсам, мен кетели дегенде келбей коюп чыр чыгарганы келдиңби дейт. Сен үйлөнүп үйлүү жайлуу болгонуңда чакырсаң барам, ошого чейин мени көп ойлобой жүрүп тур. Өз улутуңа үйлөн, кыздарды да кыргыздарга бергиле. Ошентип сагынычы кангaнга чейин үйүндө алып жүрүп, жөнөтүп вокзалда кол булгалап кала берген. Бакир келгенден кийин 1973-жылы апасы келбес болуп кетти, Бакир пахоронго бара алган жок. 1973-жылы армиядан

келери менен атасы Ували кубанганына чыдабай Бакирди үйлөп койду. Ували звено башчы болуп иштеп жаткан, звено башчылыкты да Бакирге өткөрүп берди.Бакир тамекичиликте звено башчы болуп майын чыгарып иштеп жүрдү. 1997-жылы 20-май күнү өз жанын өзү кыйып түбөлүктүү дүнүйөгө кете берди. 7 баласы аталап ыйлап кала беришти. Бакирдин биринчи төрөлгөн Кубаныч аттуу баласын багып алышкан эле. Бакирди үйлөгөн жылы үй салып берип бөлүп коюшкан. Ували Алпа экөө Кубанычты багып жүрүп 1994-жылы үйлөп коюшту.Келини жакшы чыгып,Ували менен Алпанын батасын ушул келин алып калды дешти. Ували 2000-жылы, Алпа 2007-жылы каза болуп калышты. Кубаныч өз колу менен элден кем кылбай экөөнү тең ал дүйнөгө узатты. Келини Райхан мынтип эскерет: мен келин болуп Алпа эненин колуна келгенмин, Алпа энеми аял затынын туйгуну десе да болот. Баардык тараптан топ келишкен аял эле, бардык орозгердеги жашоонун жакшы жактарын ушул энемден үйрөндүм, айтат эле: жакшы келин болом десең Ували чоң атаң менен менин туугандарым келсе жайдары мүнөз менен тосуп алып, күлүп жайнап узатып кой, келиндин жакшы сыпаттарынын бири ошол деген сөзүн эсимде сактап койгонмун. Кудайыма шүгүр экөөнү тең бизден топурак буйуруптур, эл катары түбөлүктүү дүнүйөгө өз колубуз менен узатканыбызга Кубаныч экөөбүз кубанып олтурабыз. Ошондуктан мен жакшылык иштерде Тасил эжемсиз иш кылбайм. Ал тургай Бурма чоң энем менен кеңешем. Эң кейиштүү болгону өзүмдүн кайнатам Бакир, кайненем Абибалар жашында өтүп кетишип алардан 7 бала калган. Алардын жүгү да Кубаныч экөөбүздүн мойнубузда. Кудайыма шүгүр алар да өздөрүн эптеп кетишти. Зина эжемдин өлүмү кайгылуу болду, тогуз баласы калды. Люба эжебиз да биздин ал абалыбызды сурап турат, кабар алып кетет. Атабыз менен энебиздин

жакшы эле бата-дубасын Кубаныч экөөбүз алып калдык деп ойлойм. Ошондуктан биздин арабыздан өтүп кеткен ата-энелерибиз, эжелерибиздин жаткан жери жайлуу болуп, Алла таала гүл бакчалуу бейишинен насип кылсын, келини Райхан.

1976-жылы Ували Зина кызын Рахман деген жигитке чоң той кылып узатты. Алар абдан жакшы жашашып, тогуз балалуу болушту, балдары менен тамекиде алдыңкылардан болуп иштеп турмуштарын оңдоп, үй-жай салышып,26 жыл бирге жашап балдарын үйлөп баштаганда 2002-жылы 24-декабрь күнү кокустан жүрөгү кармап калып Зина каза болуп калды. Тогуз бала артынан чыркырап ыйлап кала беришти. Алланын кылганына айла жок экен, Зинаны күйөөсү мынтип эскерет: 1976-жылы 22-апрель биз Зина экөөбүз баш кошуп үйлөнүү тоюбузду өткөрдүк. Ушул күндөн баштап өмүрүнүн акырына чейин экөөбүз бирге жашап тогуз балалуу болдук, төрт уул беш кыз төрөп берди. Ал мезгилде колхоз бар эле, колхоздо тамекиде иштеп алдыңкы тизимчилерден болуп иштеп жүрдүк. кылган ишин ушунчалык тыкандык менен майын чыгарып жасайт эле. Ошондой эле үй ичиндеги жумуштарга, балдарга жана колхоздун жумушуна да жетишет эле. Үйдө мага жана балдарга болгон мамилеси аябай жакшы эле, балдар үйдө канчалык тополоң кылса да эч бир катуу айтчу эмес. Мен анча-мынча балдарыңды катуу айтып, анча-мынча урушуп турсаң, болбосом буларың баш бербей калат десем, жок катуу айта албайм дечү эле. Кудайыма чексиз шүгүр келтирем балдарым бары тарбиялуу болуп чоңоюшту. Менин кемпиримдин мүнөзү аябай адамгерчиликтүү башка бирөөнүн көңүлүн оорутпаган коло-коңшуларга ушунчалык жумшак мамиледе болуп,ак көңүл мүнөз эле. Өмүрүндө бир да ооруп ооруканада жаткан эмес, акырында бир ооруду ошондон айыккан жок. 2002-жылы 24 декабрь менин үй-

бүлөмдө чоң жоготуу болду, кемпирим чын дүйнөгө сапар алды, жараткан бейишинен орун берсин. Зиналардын туулганы тууралуу күбөлүктөрүн орусиядан алып келишкен экен, 1. күбөлүк баракчасы Бакир: Аширов Владимир Увалиевич, Люба Увалиевна 1959-жылы туулган,Омурский область Кушарск РОВД тарабынан берилген.

Мен Зина менен өткөргөн өмүрүмө өкүнбөймүн, Зинадай аялды эми мен эч качан таба албаймын, жашында балдардын күнүн көрбөй өтүп кеткенине өкүнүп жүрүп өтөм го. Балдардын ыкыбалына сиз көп жашаң деп коюп кете берди, акыркы сөзү ушул болду. Бешенеге жазылганды тагдыр дейт экен, ошондо жазылып калганды көрүп өтөт окшойбуз, Рахман сентябрь 2017-жыл. Муну да тагдыр деп койсок болот.

## ЛЮБА КЫЗЫНЫН ЭСКЕРҮҮСҮ

1952-жылы алган нике күбөлүгү, УЗ 091644 Кушарск РОВД. 1958-жылы атам менен апам экөө келишим түзүшүп, атам Бакир агам менен Зина эжемди Кыргызсатнга алып келе бергенде мен апамдын боюнда калган экенмин. 1959-жылы төрөлүп балалык мезгилим Амурский область Кушарский район Буссе айылында өттү. 1973-жылы апам каза болуп тайэжемдин колунда калдым. 1975-жылы орто мектепти бүткөнүмдөн кийин бир күн отуруп тайэжем айтты: «эми сен чоңойдуң атаңа барып агаң, эжеңдер менен чогуу жашагыла, мен өтсөм сен бул жерде кор болосуң»-деп картаны ачып мына бул Кыргызстан, сенин элиң сен кыргызсың атаң мусулман, барсаң атаң өз улутуна күйөөгө берет, силер чогу жашайсыңар дегенде, өзүмчө сүйүнүп канатым болсо азыр эле учуп барып атамды, агамды, эжемди көргүм келди. Бакир агамдын катында жазган боюнча сураштырып

жүрүп Шаңкол айылын өзүм таап келгенмин. 1978-жылы 25-май келген күнү кызыктай эле болдум. Бакир агамды 1972-жылы көргөн болчум, атам менен Зина эжемди көргөн эмесмин. Бирок жүрөк сезет экен Зина эжемди келе жатканда эле тааныдым. Алпа апам мени кучактап өөп жыттап ыйлаганынан өгөй апам ушул окшойт дедим, карасам кишилердин алдында мени карап күлүп кызарып-татарып ыйлагысы келип турган экен. Атам деп барып кучактап калганым азыр да көз алдымда турат. Чынында жаңы келгенимде башка эле планетага келгендей болгомун, себеби, үйлөрү караңгы, акталбаган, очоко от жагышат экен, үйдүн ичи түтүн, төшөнчү орундары да башкача, туалеттери алыс талаада болот экен, көчөлөрү ылай, бирок абасы таза,Тоо-зоолору жакын,шарылдап агып жаткан Шаңкол дарыясын көрүп таң калдым. Бара – бара ата-журтум жакшы көрүнө баштады, көнүп кеттим. Азыр Шаңкол айылымды эч жерге алмашбайм, келгим келе берет. Көп убакыт келе албай калсам сагынып калам, келгенимден кийин Ош шаарын биринчи жолу Бакир агам айлантып көрсөтүп жүрүп сүрөткө түшкөнбүз. Азыр ошондо Бакир агам экөөбүз жүргөн жерлерге барып калсам өзүмчө ыйлап алам.

1980-жылы мени атамын эжеси Салимага келин кылып беришти, 6 ай жашагандан кийин баланын баштагы аялы жаңжал кыла баштаганда мен келе бергенмин.

1986-жылы азыркы күйөөмө тийип,эки уулдуу болгонбуз. Кудайыма шүгүр экөөнү тең үйлөп үч неберелүү болуп, ошолорду багып эл катары жакшы эле жашап жатабыз. Өзүм Ошто автодорожниктердин санаториясында иштеп жүрүп пенсияга чыкканмын. Бакир агам менен Зина эжемдин өлүмү мен үчүн өтө кайгылуу болду, бирок алардын балдар-кыздары менен кабарлашып турам. Алла Таала мени ата-журтума келтирип мусулмандар үй бүлөсүнө кошуп мусулман кылып

койгонуна эсепсиз ыраазымын. Апамдын мекенинде калып кеткенимде эмне болмокмун, мага жакшы насаатын берип жиберген тайэжеме чексиз ыраазымын. Бул да тагдыр. Люба 2017-жыл сентябрь айы Ош шаары.

## АЛПАНЫН АРМАНЫ

1997-жылы муштайынан баккан Бакир баласы кайтыш болду. 2000-жылы күйөөсү Ували көз жумду. 2002-жылы 24-декабрда Зина кызы 9 баласын калтырып Алланын үзүрүнө кетти. Бакир баласынын күйүтү эми бир аз сууп келе жатканда Зина кызынын өлүмү ашыкча болду. Алпадан кабар алып тез-тез келип ал абалын сурап, кээ бирде жанына жатып муңдашып, сүйлөшүп арман муңун угуп кетчи эле да. Өзү туубаса да тутунган балдары эле да. Мындан 10 күн башта Зинага өз арманын айткан экен. Биз 7 бир пир тууган элек үч уул, төрт кыз, мен кыздардын экинчиси элем. үч агам 1941-42 жылдары согушка кетишип үчөөнөн тең согушта курман болду деген кара кагаз келгенде атамын жүрөгү кармап өлгөн. Апам күйүтүнө чыдабай акылынан бир аз адашып балдарын күнү-түнү көчөдө чакырып ыйлап жүрүп калган. Апам да балдарын азабын тартып жүрүп өлгөн эле, менден башка үч кызы жакшы эле балалуу болушту, бир гана мен атаңдан башка эки күйөгө чыгып да балалуу болбодум, атаң силерди Россиядан алып келгенден кийин, мага жолугуп ал абалын айткандан кийин Бакир экөөнү багып алсам силердин артыңардан балалуу болуп калсам деген элем. Тилекке каршы бала көрбөдүм. Алла силерди мага ата кылган экен. Люба кийин келип кошулду, бирок Бакир экөөндү өзүм төрөгөн балдардай чын жүрөктөн бапестеп багып чоңойтуп эч нерседен кем кылбай эл катары Бакирди үйлөп үйлүү жайлуу кылып, сени да өз колум менен күйөөгө берип көңүлүм тынып турганда Бакирдин

өлүмү сыздатып кетпедиби, Любаны болсо алыска күйөөгө берип койдум, эми мынтип карыганымда сенин жакыныракта болуп калганыңа шүгүр кылып олтурам. Менин бактыма сен эсен болуп балдарыңа ээ болуп жүр, үчөөңөрдөн 18 небере көрдүм Аллага эсепсиз ыраазымын, Бакирдин балдарынан чебере да көрүп жатам. Менин бактыма небере келиним жакшы чыгып, мени жакшы карап жатат. Жакшы өнүп-өскөн жердин кызы да, мен да карыдым, тез-тез келип кабар алып тур деп насаат айтып жөнөткөн эле. Он күнгө жетпей Зинанын өлгөнүн угузушту, өзүнөн кетип өлүп тирилген эле. Зинадан кийин беш жыл жашап боору эзилип өлдү, муну да тагдыр деп койсок болот. Ували менен 40 жылдан ашык жашашты, бирок балалуу болушпады.

## ДОС

Байыртадан бери айтылып келе жаткан «Дос» деген сөз бар кыргыздарда. Бул сөз жөнөкөй айтылганы менен, тамыры тереңде жатат. «Дос» деген сөз адамдарды бири-бирине жакындатуу, таза ак көңүлү менен мамиледе болуу, башына оор күн келгенде жардамдашуу, көңүлүн көтөрүп, жакшы сөздөрүн айтуу, керек болсо материалдык жактан чын жүрөктөн чыгарып жардам берүү. «Дос» деген сөз улуттарды жана мамлекеттерди жакындаштырып жатпайбы, бул сөздөн ынтымактык пайда болот. Акын Бектурган жазган экен:

Өнүгүүнүн бир белгиси ынтымак
Ынтымаксыз элден дайым чыр чыгат
Өлкөбүздүн улуттары келгиле
Ынтымакты көтөрөлү туу сымал.

Ушундай ынтымакта жашап өткөн достордун далайын көрдүк. Дос беш түрдүү болот.

1. Кыяматтык дос: ал достор бири отто күйүп жатса, экинчиси куткарып калуу үчүн ошол отко өзүн таштайт.

2. Жөнөкөй дос: сарпайлашып бири-бирине ат мингизип эл көрсүнгө дос болгондор, булардын акыр аягы чыр менен бүтөт.

3. Көңүлдөш дос: булар бири-бирине байлыгына, амалына, аялына кызыгып дос болушат, булар убактылуу достор.

4. Бешик дос: ата-энелери бөбөк кезинде достоштуруп коюшат, булар чоңойгондон кийин ата-энесинин сөздөрүн таштабай достошуп жүрушсө чыныгы достор болушат.

5. Атала дос: булар кичинекей кезинен бирге чоңоюп, бирге ойноп жүрүп, мектепте бирге окуп, көңүлдөрү жакын болуп жүрүшүп, бой жетип үйлүү-жайлуу, бала-чакалуу болгондон кийин да достук мамиледе болуп жүрүп өткөндөрдү атала дос деп коюшат.

Биз Али досум экөөбүз ушундай достордон болгонбуз, бири-бирибизге кудайыма шугур кыянатчылык кылбадык. Он жашыбыздан 85 жашка чыгып Али дос өлгөнгө чейин бирге коңшу жашап жакшы мамилебиз өзгөргөн жок. Бир калыпта жүрүп Али досум Алланын үзүрүнө кетти. Достукта материалдык чыгым сарпташкан эмесбиз. Экөөбүздүн ортобузда аласа–бересе жок, ак жүргөнбүз, бири-бирибизден колдон келген жакшылыкты аябадык. Ошондой болсо да Али досум менен өлөр алдында ыраазычылык сурашканбыз, эмесе сөз башынан болсун.

1937-жылы СССР жогорку советине шайлоодо Федеров деген учкуч Кыргызстандан депутат болуп көрсөтүлүп, эл менен жолугушуп жүрүп кичи Алайга барганда айтышкан, биздин балдарыбыз тоо-таште жүрүп окубай кала турган болуп калды, бизге шаарга жакын жерден жер бөлүп берсе, биз көчүп барып жашасак деп

өтүнүшкөн экен. Бул маселе өкмөттө каралып кичи Алай Чөгөмдөгү элдерге Төөмоюндан жер берилип көчүрүлсүн деген токтом чыккан. 1939-жылы эл көчө баштаганда Ташбай аяш атам Төөмоюнга барбай бизге коңшу Ашírбек дегендин үйүнө келип отуруп калды. Аларды көчүрүшүп келишке мен баргамын. Кытайда кыргыз, уйгур мамлекетин курам деп Москвага барып Сталинге жолугуп кайтып келе жатып самалетто авария болуп өлгөн Ысакбай Мониевтин атасын Алилердикинде көргөмүн. Түндөсү коюнунан бир жарык чыгарган нерсени алып тышка чыгып келген сурасам гаухар таш дешкен. Ал киши ал жерге кандай себеп менен барып калганын билбедим. Эки күндөн кийин Алинин апасы аттуу, биз Али экөөбүз жөө кой малдарды айдап эл жатар убакта жөнөдүк. Түнү менен жол жүрүп, эртеси чашкеде көк белден өтүп дем алдык. Алинин апасы аяш энем мени малдардын алдын тосуп тур деп жөнөтүп коюп Алини нан пан берип тойгозду окшойт. Али апасын атка мингизди, апасы айтты силер акырын айдай бергиле мен кете берейин деп алдыда кетип калды, менин курсагым ачты «курсагың ачса карындаш изде дегендей кош-чан сайынын боюнда менин тайенем менен бир тууган Тилла деген чоң эне бар эле. Апам менен барып жүрчүмүн, Алини курсагың ачтыбы десем ачты деди, сен айдай бер малдарды мен мынабул үйгө кирип нан алып чыгам дедим, чуркап барып дарчасы жактан кирсем Тилла эжебиз көрүп сен Жээнгүлдүн баласысыңбы, эмне кылып жүрөсүң кайдан келе жатасың, ким менен келдиң деп сурап калды. Алайдан бирөөнүн малын айдашып келе жаттым эле, курсагым ачып кирип калдым десем, айланайын ай азыр эле итти дарча жака чыгарып койдум эле, жакшы сени көрбөй калыптыр, отур деп бир катырма нан менен бир чыны айран берди. Нанды жеп айранды ичип тоюп алып мен кетейин шеригим көчөдө малдарды тосуп турса керек деп бата кылып

чыктым. Менден калган эки сындырымдай нанды шеригиңе бер дегенин курума түйүп белимее чапандын ичинен байланып алдым. Али досум малдарды тосуп көчөдө олтурган экен, кеттик деп малдарды айдап кете бердик, күн отурарда үйгө кирип келдик. Арадан көп жыл өткөндөн кийин сүйлөшүп олтуруп мен сага бир кыянатчылык кылганмын кечирип кой досум дедим. Кандай деп чочуп кетти. Илгери экөөбүз кичи Алайдан мал айдап келе жатканда көк белде апаң сени тойгозуп мага нан бербей койгон, жолдо мен да бир эжемдикине кирип тоюп чыгып шеригиңе бер деп эки сындырым берген нанын мен да сага бербей койгон элем, ыраазы болуп кой досум десем, ошол дагы да эсиңден чыкпадыбы деп күлүп калган эле. 1941-жылы Ата-Мекендик согуш башталып өкмөттүн токтому аткарылбай аягына чыкпай калып көчкөндөрү көчүштү, көчпөгөндөрү Чөгөмдө калып кетишти. Алилердин Шаңколдо калып кетишине Какан ага себеп болгон, Алинин бир бир тууган тагасы колхоздо башкарма болуп иштеп турган. Чөгөмдөн туура Шаңколго көчүп келиши ошондон. 1962-жылы ноябрь айында Ноокат РВК тарабынан берилген военный билетинин негизинде Ташбаев Али 1942-жылдын 15-ноябрь күнү армияга алынган, №1465 бөлүктө присяганы кабыл алган. 1943-жылы 15-майда 1465 полк составында согушка кирген, биринчи киргендеги бөлүкчө көп жоготууга учураган, жоокерлердин 20 % аман калган Али досум экинчи жолу киргенде көп эрдиктерди көрсөткөн, чалгынчылар менен барып немецтердин жеринен маалыматтарды алып келишкен. Командование «За отвагу» медаль менен сыйлаган. Ошол часта 45-мм, замберектерди аттар тартат эле бир жым аккан көлгө окшогон каналга туш келишти, эни 20 метрдей бар, замбректерди кайыктарга жүктөп өтүп жатышты. Аттарды кандай алып өтүштү билбей калышты, Ташбаев Али айтты

жолдош полковник уруксат берсеңиз мен алып өтөм деди. Кандай кылып деди командир? Мен бирин минип көлгө түшөм калган үчөөнү менин артыман айдап койсо болду жылкы бири түшкөн жерге калганы өзүн ташай берет десем довай выполняй деди. Бир курч атты минип бисмилланы айтып чу-чу дедим, ат өзүн көлгө таштап сүзүп жөнөдү артымы карасам үчө тең сүзүп келе жатышыптыр,ат жаныбар башын көтөрүп калган жагы суунун ичинде мен аттын жалынын бекем кармап алгамын, суу бирде бел курчоомо, бирде тиземе чейин келет. Түн караңгы эч нерсе көрүнбөйт, чырак жандырышка мүмкүн эмес, кетип атып ойлодум аркы өйүз аска болбогудай эле деп жээке жакындаганда бир ачык жери көрүндү, калган жагы токойдой караңгы, ошол ачык жерге атты бурдум, жакшы жээк аска эмес экен, аттар секирип секирип жээке чыгып кетишти, карасам солдаттар мени күтүп турушуптур. Аттарын жетелеп кетишти, андан ары согушту уланта бердик. Эртеси командирибиз полковник Беляев кече күнү түндөсү чоң көлдөн төрт атты эсен аман аркы өйүзгө коркпостон алып өтүп көрсөткөн эрдиги үчүн Ташбаев Али Кызыл Жылдыз ордени менен сыйлансын деген приказды окуп көкүрөгүмө өзү такты. СССРдин көп жерин кайтарып алып майда мамлекеттерден да экөө үчөөнү бошотуп Германияга жакындаганда орустун кыз келиндерин конц лагерден боштондука чыгардык. Командирлер аларды сүйлөттү, кыздар бүгүн бизди тозоктой болгон жерден бошотконуңар үчүн чоң рахмат, бирок согуш башталганда бизди карабай өз жанын алып качып кеткен солдаттарга чоң нааразычылыгыбыз бар, бизди деле ала качышса болмок, эки жылдан бери немецтер не кордуктарды көрсөтүшпөдү. Баарына чыдадык, көбүбүз 10 класста окуп кээ бирлерибиз жогорку окуу жайларда окуп жаткан кыздар элек, түндө эле арабыздан эки кызды алып чыгып

кетишти, алар кайра келишкен жок. Эми немецтин колунда эки жыл жүрдүк деп өз айылыбызга кайсы жүзүбүз менен барабыз деп ыйлагандары болду. Алардын сөзүн угуп алып немецтерди дагы жек көрүп калдык. Командирибиз айтты, кыздар силер өз калооңор менен келген жоксуңар туткунга түшүп келдиңер, эч нерсени ойлонбой өз элиңерге, туугандарыңарга баргыла силерди урматтап тосуп алат, бактылуу болгула кыздар деди. Согушту андан ары уланта бердик күнү-түнү чабуул жасап алга карай жыла бердик Германиянын чек арасына жакындаган сайын немецтерден жоготуулар көп боло баштады. Пленге да көбүн түшүрүп жаттык, айласыздан багынып бергендер да болду. 1944-жылы күз айларында бир шаарга чабуул жасап кетип жатканыбызда мага ок тийип жарадар болуп,баса албай калдым. Медсестралар таңып жарадар болгон 5,6 солдатка кошуп бизди госпиталга жөнөтүштү, мен сакайып чыкканча 9-май 1945–жыл жеңиш күнү болуп майрамды госпиталда тостук. 1946-жылы совет бийлигинин токтомунун негизинде армиядан бошоп келдим, бирок элдин жашоосу өтө начар экен. Атам Чөгөмдөн келген малдары менен жакшы эле жашап жатышыптыр дейт Али досум. 1950-жылдан кийин Ош педфакка заочный окуп жүрүп Араван районосунун приказынын негизинде кичи Алайга директор жана окутуучу болуп,барып мектеп ачып балдарды окутуп жүрдү, аңгыча атасы үйүнүн айланасында бош жаткан колхоздун жерине өрүк эгип, чоң бак кылып койгон эле. Келери менен согуштан эсен-аман келди деп үйлөп да койду. Улакта атасы чапкан Ташбайдын Тору кашкасы деген атын минип кичи Алайга каттап иштеп жүрдү, ал жерде 20 жылдай иштеп атасынын доорун жакшы эле сүрдү. Шаңколдо биринчилерден болуп жаңы чыккан москвич машинасын Али досум минген, ГАЗ -24 Волга машинасын области

алдыңкылардан болуп минип облонолорду ташып жүрдү, кадырлуу мугалимдердин катарында зоболосу чоң эле. Бир күн шаарга ойнотуп келейин деп Ысак экөбүздү Ошко алып барып өзү облоного кирип эки сааттай күтүп калып артынан барсак чыгып келе жатыптыр, эшигинде аял эжекелер турушуптур алардын көзүнчө мен айтып калдым. Баспайсыңбы эмне кылып жүрөсүң, мен чогулуштан кечигип атам бүгүн сени шоферлуктан бошотом деп барып машинанын алдына отуруп тез айда дедим, эжейлер карап эле калышты. Үчөөбүз машинага олтуруп алып аябай күлдүк, досум айтат: эжейлердин арасында мени тааныган Алайлык директор эже бар эле ошого уят кылдың деди. Сузак чайканасы жаңы ачылган экен. Машинаны чайкананын алдына коюп жанындагы тапчанга олтуруп чай ичип калдык, келген адамдар машинаны бир карап өтүшөт. Досум ошол күнү жаңы машинада ойнотуп келген, кечке оюн-күлкү менен жүргөнбүз. Кийинчерээк балдарына чоң той өткөргөн, той болот дегенин уккамын, эмне кылып жатышат экен деп келсем, Какан ага жакшы келдиң, иштери чатак Оштон бери кыдырып ак май тапбай келишиптир эртеге эрте менен Матысакты алып Ноокатка бар, досторуна жолугуп бир бетон акмай таап келбесең болбойт деп калды, макул дедим. Эрте менен турсак кар бурганактап жаап жатат. Күн суук. Матисак ага экөөбүз кеттик. Ноокатка барып Райим доско жолуксам ак май чатак, эч жерде жок  убара болбо деди. Бүгүн (масилат) эртең той менин досум Какан аганын бир тууган жээни болот дедим, анда биздин райпонун раисине жолук, ошонун бир аз ак майы бар мени айтты дебе деди, конторуна кирсем олтурган экен, Акматжан агай бир аз ак май керек болуп калды дедим. Касымбай убара болбоң эч жерде ак май жок эртеден кийин поступления болот дешти болуп калар деди. Акматжан ага той кылып жаткан менин досум Какан аганын бир тууган жээни болот, Акматжанга

барып жолук деди, өзү  той башы дедим. Ушундайбы деп Рахимди чакырып койчу деди секратарына, Рахим келди Какан ага жибериптир эмне кылабыз деди, өзүңүз билиңиз деди Рахим, анда бир битондон ашык бербе, этият кылгыла деди, биз чыгып складка барсак чоң цестирнанын бир бурчун көтөрүп таш коюп койуптур бурчунда чынында эле 500 кг.дай ак майы бар экен, цестирнанын ичине шаты менен Матисак аганы түшүрүп капкагын жаап койдук, ак май тоңуп калган жарым саатта крушка менен кырып атып араң битонду толтурду. Матисак агага көтөртүп алып столовойго кирип экөөбүз тоюп алып Матисак агага бир шише аракты алып бердим. Битонду такымдап  алган, күн суук кар жаап жатат, бешимде кирип келдик. Бизди депутатты тоскондой тосуп алышты. Ошондо Ташбай аяш атам бизге ыйлап туруп батасын берген. Той чоң болгон үч күнгө созулган, күлкүнүн ыйы да болот дегендей үч кайгыны башынан өткөрүп Али досум Аллага жакын болуп  басса турса Алла оозунан түшпөй калган. Мекенди коргоп жүргөн жоокер баласы өлүп келиши, апасынын өлүмү, акырында балдардын апасы 50 жыл бирге өмүр өткөргөн жароокер жарынан айрылуу кандай кыйын. Мурда атасынын байлыгына мас болуп, атасына эркелеп эркин чоңоюп, эч нерседен кем болбой жүргөн эле. Мугалимдик жумушун да таштады, машинаны да минбей койду. Атасын ыраазы кылып апасы өлгөндөн кийин жаш аял алып берген эле. Он беш жылдай бирге жашап жүрүп,ал аял кетип калды, көп узубай эле атасы да тээ ибадат үстүндө даараты менен олтуруп көз жумду, атасын да өз колу менен узатып мааракесин да эл катары көңүлдөгүдөй өткөрдү. Балдар-кыздары Аллага шүгүр өнүп-өсүп бала-чакалуу асты небере чеберелүү болуп калышканда дагы бир тун уулунан ажыраганы кайгылуу болду. Пенде бардыгына чыдайт экен, бирок жашоо улана берет турбайбы. Бир уулу Ноокатта милиция

болуп иштейт, колундагы Сапа баласы бир күн атасынын жанына отуруп айтты, Ата! Макул десеңиз сизди үйлөп койсокбу деп жатабыз эмне дейсиз? Көп ойлонуп унчукпай отуруп көзүнөн мөлмүлдөп жашы чыгып «ушул сөздү башкасы айтпаса да Сапа айтат дегенмин»- деп кол арчу менен көздөрүн аарчып, рахмат уулум кем болбойсуң деди, экөө аны-муну көпкө сүйлөшүп отурушту. Атасы айтты «ылайыктуусу табылар бекен?» «Табабыз ата кабатыр болбоң»- деди Сапа. Алардын үстүнө Ысак досу кирип келди, мен сага кайын журтуман бир аял таптым, жашы 33 же 37 де болсо керек. Ошону сага көрсөтүп келейин деп келдим, азыр баралы деди. Жаш экен го болбос бекен деп Али тайсалдап калды, Сапа айтты «ата эгер ал макул десе ала бериң, өлгүчөңдү бирге жашаң, сиз өлүп кетсеңиз ушул жерден жылдырбай апа кылып алып калам, өлсө өзүм көмөм» ушундай деп ага айтыңыздар. жүрүңүздөр эмесе кеттик деп Сапа Ноокатка алып келип, атасынын колуна көп эле акча берип Өсөрдүн автобусуна салып жиберди. Ал келинге Ысак башта айтып кеткен эгер бактың кошулуп,барып калсаң жашооң жакшы болот, чириген бай, өзү жакшы сопу адам көрүнүшү да жакшы деген. Барышса келин үйдө экен, экөөнү жылуу тосуп алыптыр, эжесин чакырыптыр, досторкон үстүндө сүйлөшүп отурушуп Ысак айтыптыр акчаны чыгар, акчаны Ысак алып келинге берсе эжеме бериң дептир, акчаны эжеси алып айтыптыр, биз даяр болгондо кабар беребиз деп буларды узатат. Алланын насиби менен кабар келген күнү алып келип экөө жашап калышты. Бир күн барсам Али дос бар экен, сүйлөшүп отуруп аяшым айтып калды, бул жердин адамдары кызыктай экен бир күн Нүрүдүн деген кароолчусу үйгө келип ээй кыз атаңды айтып кой малдарын арыктын үстүнө чыгарбасын дейт, дагы бир күн көзүнөн шоросу аккан кызыл көз чал эшиктин алдына келип аяш дос барбы дейт, үйгө кирип

эшикти жаап койдум да өзүмчө кызыктай болдум деди. Мен да аяш дештен тартынып жүрөм чынын айтсам дедим, Али айтты сен аяш дей бер тартынбастан деп койду.

1990-жылы экөөбүз Чолпон Атага Толубай Ыссык – Көлгө Ноокаттын камсыздоо бөлүмүнөн согуштун ветераны катары акысыз путевка алдык 24 күнгө. Ошто авиакассага билетке кирсек 50% акчасын төлөйсүңөр деди, мен айттым өзбек кыз экен, сен адашып атасың бизге бесплатно деп жазып бересиң десем көнбөйт, 50% акчасын төлөп, шашпай Ош аэропортко барсак бизди кассир кыз издеп жүрүптүр, кечиресиздер мен адашыптырмын деп бесплатный билет кагазына алмаштырып берген. Толубай Ыссык-Көлдө. Али досум экөөбүз көңүлдөгүдөй эс алып келгенбиз. Жатаканабыз эки адамдык, кипитилник бар, тамак-ашыбыз кеңири, лečенияга бирге барып бирге келебиз, көлгө бирге түшөбүз, мөмөлүү багы бар экен бакта жүрөбүз. Бир күн дем алыш күнү Караколдогу мыксыз бүткөн мечитке барып намаз окуп келели деп жер жарыганда багымдатты окуп алып автовокзалдан Караколдун автобусуна түшүп жарым жолго барганыбызда кайда барасыздар дешти, Караколдо мыксыз тургузулган мечит бар дешти ошол мечитти көрүп намаз окуп келели деп кетип жатабыз дедик, убара болосуздар бүгүн жолдо Темировка деген айылда жаңы мечит ачылып жатат бардыгы ошол мечитке келишет, Бишкектен муфтий келет экен биз да ошол мечиттин тоюна кетип жатабыз сиздер да түшүп тойго катышып кетиңиздер дешти, макул болуп түшүп турсак, муфтий келип машинадан түшүп калды, алар менен учурашып бешим намазын муфтийдин артында туруп окудук. Элден килемдер абдан көп түштү, акчага да жазылып жатышат, биз да 200 сом берип жазбай эле кой дедик эле, Оштуктар деп жазып койгон экен, чогулуш бүткөндөн кийин биз автобус токтоочу жайга

барып турсак эки бала кайра алып келишти. Араптар отурган кыргыз үйгө бөлүп коюшкан экен, алар менен отуруп беш бармак  жедик, ошол меймандарды Өзбек ажы тейлеп аткан экен. Ага айттык, биз кете берели алыска кетишибиз керек десек мейли сиздерге уруксат деп пакетке 2 кг.дай эт салып берди, чыгып таксиге отуруп түн ичинде келдик.  Ошентип мыксыз тургузулган мечите намаз окуш бизге насип этпеди. күндөрдүн биринде коңшу жашаган эки келин чайга чакырды, кирсек бирөөсүнүн эки кызы Бишкектен келиптир, кичинекей столдун үстүндө түрдүү тамактар, жемиштер жайнайт, жешибизче жедик. Сиздерди чакырганыбыздан максат ушул кыздарыма бир бата-дуба берип коюңуздар, бул кызым төрөбөй жүрөт деди, бата-дубаларыбызды бердик. Бирөөсү айтат менин келгениме он беш күн болду, сиздерди көлдө бакта ар дайым бирге жүрөсүздөр  бир жерден болосуздарбы? А бир айылданбыз, бирге чоңоюп согушка да бирге барып өлбөй келгенибизге шүгүр кылып, ушинтип дос жар болуп жүрөбүз дедик да бата –дуба кылып чыга бердик. Артыбыздан бөлмөбүзгө жарым тооктун этин, койдун этинен кылып алып келип берип кетти, рахмат деп алып калдык. Досум экөөбүз бир күн лечинияга барып ал грязга кирип кетти, мен ваннага кеттим, кирип сууга жатып дары суну өзүмчө көбөйтүп койдум, бир аз жаткандан кийин шыпты карасам айланып калды, коркуп кетип туруп тез кийинип отурсам, ваннаны караган кыз келип эмне болду деди, башым айланып кетти десем сууну көбөйтпөдүңүз беле деди, бир аз көбөйттүм эле десем отравления болупсуз деп жетелеп бир бөлбөдөгү медсестрага алып барды, ал бир эки таблетка дары берип кроватка жаткырып койду. Уйкуга кетип бир сааттай уктапмын турсам жакшы болуп калган экем, чыксам Али досум күтүп отуруптур, эмнеге кечиктиң мен ар нерсени ойлоп жаман болдум, ушундай да кыласыңбы деп кейип калды. Медсестралар

чай уюштурушкан экен отуруп калдым, дос капа болбо дедим эле ошого да ишенди, досум ишенчээк жөнөкөй адам эле. Бөлмөгө келип досум мен өлүп кала жаздадым деп болгон окуяны айтып бердим, ошондой деп койду. 2002-жылы досум ажыга барып Ажы болуп келди. Гүлбаардан тосуп алдык, жакшы чыйрак келди, автобус менен барып келген, Ажылар өтө кыйналган, кичи Алайлык бир молдо бала тууганы болот экен, ошол коштоп барган. Ажынын бардык айткандарын толук аткардым, силердин саламыңарды Пайгамбарыбызга инша Аллах жеткирдим, Арафатта силер үчүн бата-дубалар кылдым, Байтул ыйык Алланын үйүн жети жолу айланып, дагы башка сүннөт ваажип амалдарын да алым жетишинче аткарган болдук, Алла кабыл кылсын деди, ошол жерде аалымдар айтышты, «силер эми Кудайым кааласа Ажы болдуңар, барсаңар эл Ажы дешет, Ажыдай болуп жүрүшүңөр керек дешти»- деп Али досум дагы көп нерселерди айтып берген. Чындыгында Ажыдан келгенден кийин Ажылык сыпатын Али досум аткарып жүрүп өттү деп ойлоп калам. Себеби: тээт–ибадаттан башка иш кылбады, соода сатыкка аралашпады, мечиттен башка жака баспады, күнү-түнү тасписин колунан түшүрбөй стыхбар салават, калмаи-шаадат, таспи-таалим айтуу менен алек болду. Ушак сөздөр айтылуучу жерлерге барбай койчу болду, 30 жыл мурун Жаркынбайдын уйунун жибин чечип алганы эсине келип Ажыга жөнөөрдө жип алып барып берип ыраазылыгын сурап кеткен, дүнүйө иштерин таштап жиберген эле. 2001-жылы менин кемпирим өлгөндө келип,Тойбек дамылла мен аяшыма 5000 таалилим бар, багыштап койсом болобу деди, абдан жакшы болот деп куран окуп багыштап койгон. Бир күн келсем аяшыма чачын алдырып жатыптыр, аялга чач алдырса болобу десем, эмнеге болбосун тан махрамым да деп койду. Кийинчерек бир аз ден соолугу начар болуп

калды, бирок бир жыл мурда ушунча жыл бирге жүрдүк аласа-бересе же арада анча-мынча сөздөр өтсө ыраазы бололу деп ыраазычылык сурашып койгонбуз, аяшты күбө кылып. 21-апрель күнү Ошко спец больницага лечнияга кетип атам деп айтып келеин деп барсам табым айнып турат деди. Мен Ошко больницага кетип атам десем, бара бер деди, мен кеттим эртеси угуп калдым Али досуң өтүп кетти деп угаарым менен келип Али досту таппай калдым, бата-дуба кылып кеттим. Кийин өзүбүздөн бир салых адам айтты Али досуңузду түндө түшүмдө көрдүм, бийик жерде айнекти ачып бизди карап туруп айнекти кайра жаап койду деди, Куран окуп бата кылып койдук. Али достун жаткан жери жайлуу болсун, топурагы торкү болсун, дос менен гүл бакчалуу бейиште көрүшүүнү Алла насип этсин. Аллаху Акбар.

Али достун өлүмү аяшым үчүн өтө оор болду, күйөсү жок аял жетим дегендей эле болду, түрдүү ойлор пайда болду, Алла Таала адам тукумун көбөйтүү үчүн аял кишини жаратпадыбы, бала төрөп турган аялга айлансаң аз деп коюшат, бала үчүн бейиш эненин таманын астында дешет, балалуу үй базар, баласыз үй мазар дешет, Алаа Таала адам баласын жуп жаратып ортодо балалуу кылып баланы экөөнө тең ширин көрсөтүп койгону кызык. Сопу Аллаяр пирибиз айткан экен:

Өтөр дүнүйө кетер, дүнүйө калат зуруят,  
Карыганда ким асырайт кылсаң парят.  
Баласыздын аты өчөр мислм чырак,  
Бул дарт кеткай жаранлардан болуп раак.

Бул аалымдын айткан сөзүндө терең мани бар. Аяшым өз колунда чоңойткон Сапа баласы өзүнүн төрөгөн апасындай көрүп бала-чакасын бактыртып өгөйдөй болбой эле калышкан, келин–кыздарына, бала-чакаларга да өзүнүн энесиндей эле болуп калган, барктап, урматтап турушат.

Али досум өлгөндөн кийин да ашыкча сөз болгон жок, Сапа өз сөзүндө турду. Бирөө өлөт күнүн бирөө көрөт дегендей балдардын күнүн аяшым көрүп жатат. Али досум мага да айткан, Сапага айттым эгерде мен өлгөндөн кийин да колдон чыгарба, өлсө өз апаңдай кылып көмөсүң, тирүү болсо эч нерседен кем кылбай көңүлүн оорутпа дедим депайтканы бар. Сапа апасын атасынын айтканындай кылып карап жатат, атасынын батасын иншаАллах Сапа алып калды. Менин жалгыз балам өлгөндөн кийин мага да көп жардам берип менин да батамды алган. Кудайым кааласа Сапа кем болбойт, жашынан эле кайыр сахабаттуу болуп келе жатат. Азыр да колунда жокторго жардамын аябайт. Пайгамбарыбыз айткан экен: эгер байларыңар бакыл болсо, башкаруучуңар аял болсо силерге жердин үстүнөн асты жакшы, эгер байларыңар сахабаттуу болсо башкаруучуңар эркек болсо анда силерге жердин астынан үстү жакшы деген экен.

Ошонун сыңарындай сахабаттуу байлар көп болсо кана. Сапанын өз кесиби мугалим, союз мезгилинде мамлекеттик жумуштарды жогорку даражада аткарып иштеп жүрдү. Азыркы кезде өз бизнесин өркүндөтүп жана курулуштарды салып Ноокаттын центрин, центр базарын көркүнө келтирип, элдин рахматын алып жатат, суук көздөрдөн сактасын. Бирок атасынын согуш жөнүндө, согуштан келгенден кийинки кыйынчылыктар жөнүндө айтып бергендери эсинен чыга элек. Сапа атасын мынтип эскерет: биз Али атабызды ака деп чоңойдук, чоң атабыздын бардыгынан ака деп калсак керек. Акабыз чоң атабыздын жалгыз уулу болгон. Атасына эрке баласы болгондуктан машина айдап, ат үстүндө жүрүп, атасы өлгөнгө чейин куурайтып башын сындырбаптыр. Атасы өлгөндөн кийин бизди балам ботом деп калган. Бизге ата болуп бир катуу сөзүн укпадык көп ачуусу келгенде ушул кылганың жакшыбы деп бурулуп кетет эле. Бирок үй

бүлөөдө тууган уруктар арасында даражасы чоӊ болчу. Агабыз өтө сабырдуу адам болгон, көп кыйынчылык тартты, апасы өлдү, эки баласынан ажырады, аялы өлдү, атасы өлүп  катар-катар кайгы тартып ичинен сабыр кылып  жүрүп жүрөгүн ооруга чалдыктырып алган экен, ошол себеп болуп 83 жашында көз жумду. Кийинки убакта ибаадат менен гана алек болуп калган эле. Күнү-түнү намаз окуп тасписин колунан түшүрбөй  Аллага зикир айтып отурат эле. Атабыздын бизге берген тарбиясына, бакан-көргөнүнө балдары ыраазыбыз, атабыздын жаткан жери жайлуу болуп Алланын кооз бейишин аралап жүрсүн, уулу Сапа.

## МЕКЕНИМ ДЕП…

Кырк үчтүн январынын он сегизи,
Ноокатта ар айылдан жыйнап бизди
Согушка жөнөйсүңөр деп военком
Түн ичи Кызыл-Кыяга алып келди.

Туптуура отуз үч күн болгонунда
Ачкалык, суук кыйнап койгонунда,
Түшкүлө келдик дешти поэздебиз
Токтогон кезде Спаск Перронунда

Номери 1630-Танкка каршы
Артиллерия полку болду менин полкум.
Ханка көл жээгиндеги Платановка
Жайгашкан жери эле, биздин полктун

Кырк бештин сегизинчи августунда
Командир полка Машин бизге келди,
Сааркы саат төрттө туруп аткыла деп
Сталиндин буйругун окуп берди.

Ошентсе да милитарист япондордон
Советтик жоокерлердин кегин алдык,
Душмандар басып алган укум жерди
Кайтарып алуу үчүн салгылаштык.

Кытайдын Мудатзиян-Мугден дагын
Бошотуп эң акыры Харбин Шаарын
Туралгыс кылып жеңдик япондорду.
Экинчи ачпасын деп согуш жаагын.

***2015-жыл Ош шаары***

## КУРАЛДАШ ДОСТУН АЙКЕЛИНЕ ГҮЛ КОЙГОНДО

Кан майданда жолугушкан кан досум,
Ок тиштешкен досум элең Токтосун.
Тынчтык күндө акыретке сен кетип,
Талаадагы жалгыз дарак окшодуң.

Бүгүн турам айкелине гүл коюп,
Муунуп бошоп жүрөгүмдөн коштошуп.
Улуу жеңиш жетимиш жыл майрамын,
Турсак боло кучакташып бир тосуп.

Арга канча алла ишинде айып жок,
Ал кааласа ай ааламды токтотот.
Бирок сенин эрдигиңди унутпай,
Урпактарың жеңиш күнү жоктошот.

Мен да жоктойм жеңиш күнү өзүңдү,
Жаштык курак күчкө толгон кезиңде.
Согушканбыз урпактар үчүн бүгүнкү,
Эми алар улантышсын ишиңди.

А сен болсо тынч уктай бер кан досум,
Эми эч качан кандуу согуш болбосун!.

***2015-жыл Усөндүн үйүндө.***

# КУРАЛДАШ ДОСТУН МҮРЗӨСҮНӨ ГҮЛ КОЙГОНДО

Токтосун дос кайра келдим калааңа,
Өзүңдү эстеп түшүп терең санаага.
Эсептелүү күндөр калды көрүнөт,
Менин дагы жашоо жолум Аллада.

Айлар менен жылдар менен шарылдай,
Өмүр өттү күү шаа түшкөн агымдай.
Биздин жаштык калды майдан талаада,
Алоолонуп алоо чачып жагылбай.

Кайтканбыз биз кызмат өтөп өмүрлүк,
Ажал келип далай достон бөлүндүк.
Үмүт менен аял алып, үй куруп,
Бышып турган мөмөлөрдөй төгүлдүк.

Аңгыратып ааламымды шум өлүм,
Өзүң кетип муңга толуп жүрөгүм.
Медер кылып уул-кызыңды өзүңдөй,
Өмүр тилеп, бакыт тилеп жүрөмүн.

О! кан досум жүргөндүрсүң бейиште,
Баатыр делип жараткандан сый көрүп.
Биз тирүүлөр ысымыңды ардактап,
Кабырыңда Куран окуп жүрөлүк.

Аяш уулдар каректери көзүмдө,
Аяш кыздар мактанышым сөзүмдө.
Атаңарга татыктуу жан болгула,
Бата берем бактай-шактай бергиле.

Куран окуп гүл чамбарын мүрзөңө,

Куса толгон сагыныч менен койдум мен.
Алла кааласа көрүшөлү бейиште,
Тынч жата көр уйкуң бузбай досум сен.
***2016-жыл Жиренчи айылы Өзгөн району.***

## ӨТКӨНДӨР ЭСКЕ ТҮШӨТ

1940-жылы Шаӊкол айылынан Ысмаилов Жапар, Ташматов Нуражи, Матназаров Сарыбай, Рахманбердиев Эгемберди, Кабылов Ботобай, Маматжанова Мариялар Оштогу мугалимдик окуу жайын бүтүшүп келип Ноокат районунун аймагындагы мектептерде мугалим болуп иштеп жүрүшкөндө, 1941-жылы 22-июнда Ата-Мекендик согуш башталат. Кабылов Ботобой 20 жашында, Шералиева Татти деген 17 жаштагы кызга үйлөнгөнүнө бир ай болгондо военкомдон чакыруу кагаз келип, согушка кетет. Татти эже менен тамеки чабыкта бирге иштеп жүрдүк. түштө көлөкөлөп отурган жерде Ботобайдан келген катты мен окуп берем, чогуу отурган аялдар баары ыйлашат эле, эсимде калгандары:

Турган жерим сурасаң алыс жерде турамын,
СССРдин борбору Москванын жанында
Алыстыгы бир сутка ардакту Пархов шаарында
Окуганым орусча, орусчаны биле албай
Оозума талкан куйгандай отура берем унчукпай
Маңдайыма тагылды кызыл го жылдыз кылгырап
Кыялың качан кошулуп, кара го жанды тындырат
Көрсөм бир көңүл ачылат, сурмадай болгон боюңду
Кат жазсаң эгер мен үчүн, четине койчу колуңду

Татти Ботобайды согуш бүткөндөн кийин да эки жыл күттү, кат-кабар болбоду. 1947-жылы айласыздан күйөөгө тийип кетти. Жолуккан жерде Ботобайдын ырынан ырдап койсом, карыган кезде деле төгүлүп ыйлап жүрдү.

Биринчи көргөнү таттуу көрүнөт окшойт, бирок Ботобай менен Таттинин каттары менин жүрөгүмдө сакталуу бойдон калды.

## 2001-2017жж. УУЛУМДУ ЭСТЕП

Имарбегим Алла берген жалгыз балам,
Жаш өтүп карыган сайын күчөп санаам.
Качаңкы жанымда жүргөн элесиңден,
Көөдөнүм күчкө толуп кубатталам.

Кубатым неберелерим сенин каның,
Ар бирин чечмелесем сенин жаның.
Токсондун бийиктигин тамашалап,
Отурган менин мунбас кубаттарым.

О! Кудай бала десем бала бердиң,
Арманын азабын да ала келдиң.
Жашатып үч мүчөлгө жашын ченеп,
Кайтарып өзүң алып мага кайгы капа бердиң.

Эсилим эгем берген Имарбегим,
Жакшы ой тилектерин ээлеп элдин.
Күн-түнү күйүп бышып бала окутуп,
Билимиң таалимиңди талбай бердиң.

Кайрылбай үй бүлөөңө турагыңа,
Кеттиң сен кырк тогуз жаш курагында.
Апаң да сени ээрчип кетип калып,
Экөөңдү эстеп, элестетип турамын да.

Томсоргон токсонду да ашып келдим,
Бирок да сенден башка уул көрбөдүм.
Бул жашоодо түгөнбөгөн бир арманым,

Бир аз жашап мени көмүп сен өлбөдүң.

Шүгүр кылам артыңда жети балаң калды,
Айласыздан мага таштап кеттиң го
балдарыңды.
Кимге ишенип таштап кеттиң кагылайын,
Үмүт менен бармактайда баш кошуп
алганыңды.

Балдарың кем болбоду эч нерседен,
Өмүргө ишенич да жоктур ченем.
Атаңды тосуп алчы айланайын,
Гүл бакчалуу байиштин эшигинен.
***2017-жыл 27-январь, Ош шаары.***

# 1943-2017-жж. КУРАЛДАШ ДОСТОРДУ ЭСКЕРИП

Кырк үчтүн январынын он сегизи
Ноокатта ар айылдан жыйнап бизди
Согушка жөнөйсүңөр деп военком
Түн ичи Кызыл-Кыяга алып келди

Үч жүздөй чакырылган Ноокаттыктан
Шаңколдон алты бирдей улан элек
Абсалам, Абдрайым, Салы, Эргеш, Төлөндөр
Азыр да көзгө элестер келе берет-келе берет

Шаңколдон бирге чыгып бир келгенбиз
Тең курбу намыска бек алты жигит
Аскердик татаал ишке үйрөнгөнбүз
Бөлүнүп кеткенге чейин бирге жүрүп

Бир сөздү достук деген туу көтөрүп
Түбөлүк бир жүрүүгө шерттешкенбиз
Согуштун кандуу даамын чогуу татып
Ажалга даалай ирет кездешкенбиз

Жеңилип душман бизден ажал тапты
Сугалак соргок согуш оозун жапты
Жигиттердин тирүү калгандары
Кан майдандан аксап тексеп кайтып жатты

Кайтышты Салы, Эргеш, Төлөн дагы
Шаң кошуп жан киргизип Шаңколума
Абсалам, Абдырайым курбуларым
Кошулду ал үчөөнүн катарына
Бир гана мен кечигип дагы беш жыл
Мекен деп армияга кызмат кылдым

Сегиз жыл болгонунда кеткениме
Топурагын басты бутум Шаңколумдун.

Шаңколум ыйык айылым кагылайын
Сактады сенин демиң баарыбызды
Сүйүүбүз күчтүү үчүн сага деген
Сактады окшойт Аллахым жаныбызды.

Абсалам, Абдрайым мугалимдик
Кесипти кырк жылдан ашык аркалады
Алардын өлбөс-өчпөс эмгектери
Билимдин куту болуп элде калды.

Прокурор болуп иштеп Төлөн досум
Облуста далай-далай сынга түштү
Ооруп калып иштеп жаткан жумушунда
Чоңдору айласыздан бошотушту.

Ал эми Салы Эргеш эки достун
Ылайым жаткан жери жайлуу болсун
Чарбанын ишин иштеп малын багып
Өчүрбөй өтүштү ысык коломтосун.

Осуят катары айтам жалпыңарга
Кайталап тажабастан кайра кайра
Бактысы тоодой бийик садагалар
Татыктуу болуп жашагыла атаңарга.

Көп эле мекенимден сыйлык алдым
Кээ бирде тагдырыма сыймыктандым
Жетимиш жылдан кийин мына мынтип
Куралдаш достор кетип жалгыз калдым.

*Касымбай Жолдошов. 92 жашта.*
*2-апрель, 2017-жыл. Шаңкол айылы.*

## ПОЭМАДАН ҮЗҮНДҮ

Аксакал мээрбан сөзмөл адам экен
Руху тирүү тарых баян экен
Тушунда он жети жаш курагында
Мекен деп кан майданга барган экен.

Кышкы аяз кычыраган таң заарында
Карабай кийим-кече дарманына
Отундай жүктөп бизди жөнөтүштү
Согушка Товарниктин вагонунда.

Каралдым деген бойдон эне калды
Кылгыртып көздөн жашын жеңе калды
Азыр да жүрөк сыздап эстей берем
Аргасыз ажырашкан апаларды.

Туп тура отуз үч күн болгонунда
Ачкалык суук кыйнап койгонунда
Түшкүлө келдик дешти пездибиз
Токтогон кезде Спаски Перронунда.

Жашылча жемиштерди сактай турган
Бур-р этип жашылчанын жыты урган
Жер төлөө кампаларга жайгаштырды
Ичине суукту тарткан жер да нымда.

Кырк бештин тогузунчу августунда
Эки жыл кызмат кылган полкум менен
Баскынчы япондорду талкалоого

Дап-даяр чепте турдук белгиленген.

Аткыла деп команда берилгенде
Жайгашып душман байкап көрбөс жерге
Биз дагы удама-уда атып кирдик
Тийгенин тийбегенин билбей эле.

Ракета көк жарып чыккан кезде
Башталды арт даярдык күпүлдөтө
Будуң –чаң опурултуп кара жерди
Шуулдап снаряттар учат көктө.

Тагдыр да биз согушту тандабадык
Тандады согуш бизди ага бардык
Канга кан жанга жанды берип жатып
Душманды быт-чыт кылып талкаладык.

Балдарым! Согуш курсун согуш деген
Адамдын канын ичип жанын жеген
Чынында анын каарын азап ыйын
Жексурга да ыраа көрбөс элем.

Тилегим: силер согуш көрбөгүлө
Күлгүндөй жаш куракта өлбөгүлө
Түйүлүп муштум сымал ынтымакта
Эч качан согушка жол бербегиле.

Эл үчүн эмгек кылып жашагыла
Мекенчил азаматтар катарында
Ээликкен эл бузарды ээрчибестен
Ар дайым элдин ыркын сактагыла.

Билгиле эне тилдин ыйыктыгын
Кыргызым тили менен улуктугун

Башында кылыч ойноп турса дагы
Кыргыз тили жүрөгүңдү бийлеп турсун!

***Ош Дастаны китебинен алынды***
***Автору: Бектур Камчыбеков акын.***
***Жолдошов Касымбай жөнүндө.***
***2016-жыл. Ош.***